**Изденүүчү Мамырбаева Нестан Бердибековнанын «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында)» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперти, педагогика илимдеринин доктору, профессор Кыргызбай Дүйшенбекович Добаевдин**

**БҮТҮМҮ**

Изденүүчү Мамырбаева Нестан Бердибековнанын «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында)» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт:

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:**

Изденүүчү Мамырбаева Нестан Бердибековнанын «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында)» деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандырууга арналган теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин максаты:** Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутуп-үйрөтүүдө санариптик технологияларды, интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен кытайлык студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун методикасын

иштеп чыгуу жана алардын натыйжалуулугун эксперимент жолу аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;
2. ЖОЖдордо чет өлкөлүк студенттер ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөрдү аныктоо жана анын учурдагы абалын талдоо;
3. ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда санариптик технологияларды, интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен кытайлык студенттердин тилдик, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн, аларды ишке ашыруунун жолдорун иштеп чыгуу;
4. Иштелип чыккан ыкмалардын эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперименттик жолдор аркылуу текшерүү жана жыйынтыктарын талдоо.

**Диссертациянын изилдөө объектиси:**

ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда кытайлык студенттердин коммуникативдик компетенциясын калыптандыруу боюнча шарттарды түзүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** чет өлкөлүк студенттер үчүн кыргыз тилин чет тили катары окутууда сүйлөө кебин өркүндөтүү, тилдик, коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери.

**Изилдөөнүн методдору:**

Изилдөөнүн темасы боюнча психологиялык, педагогикалык, усулдук эмгектерди талдоо жана колдонуу, сурамжылоо, аңгемелешүү, салыштыруу, баарлашуу, билим деңгээлин аныктоо, практикалык тажрыйбаларды талдоо жана жалпылаштыруу, педагогикалык эксперимент.

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу:**

Дүйнө ааламдашып, адамдардын жашоосу өзгөрүп, жашоо шарттары башкача, жаңыча нукка бурулуп, коом өнүгүп-өсүп, өзгөрүп, баалуулуктар да өзгөрүүлөргө дуушар болуп жаткан мезгилде кыргыз тилин чет тили катары окутуп, үйрөтүү күн өткөн сайын өзгөчө актуалдуу, эң олуттуу маселелердин бирине айланууда. Өлкөбүздөгү жогорку окуу жайларга чет өлкөлөрдөн келип, билим алып жатышкан студенттер тарабынан ээ болуучу компетенциялар аныкталып, билим берүү стандарттарында камтылууда. Заманбап түшүнүктөрдүн, санариптик педагогиканын пайда болушу менен, адамзаттык баалуулуктардын өзгөрүшү менен улам компетенттүүлүккө негиздеп окутуу жаңы мазмунга ээ болуп, заман талабына ылайык ишмердүүлүккө негизделет.

Билим берүү системасында инсанга багыттап окутуу концепциясынын негизинде вариативдүүлүк өркүндөп, автордук окуу пландарды, программаларды, окуу китептерди жаңыча түзүүгө мүмкүнчүлүктөр жаралды. Окутуунун жаңы технологиялар, башкача айтканда, инновациялык ыкмалар менен окутуу, тарбиялоо шарттары пайда болду. Билим берүү системасындагы мындай өзгөрүүлөр илимий чөйрөдө изилдөө объектисине айланды. Анын негизинде бир канча илимий-методикалык, окуу-методикалык эмгектер жаралып, алардын мазмунунда санариптик билим берүүнүн жаңы технологиялары каралууда. Санариптик билим берүүдө чет өлкөлүк студенттердин чыгармачылык, интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ар тараптан ачуу аркылуу, өзүн-өзү өнүктүрүү, руханий адептүүлүккө тарбиялоо менен, билим, билгичтик, ой жүгүртүү көндүмдөрүн, тилдик компетенцияларын калыптандыруу максатын көздөйт.

Кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин тилдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын түрдүү усулдары пайдаланылат.

Жогорку окуу жайларында чет өлкөлүк студенттерди коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууда интерпретациялоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусун калыптандыруу менен, кыргыз тилинен алган билимдерин жеке турмушунда колдоно билүүгө шарт түзөт.

Буга чейин чет өлкөлүк студенттердин жана өз алдынча тил үйрөнүүчү чет өлкөлүк өкүлдөрдүн чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, билим сапатын арттыруу, тарбия берүү маселелери изилденгени менен, алардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн жогорулатуу проблемасы илимий иликтөөнүн объектисине алынбагандыктан, бул маселе атайын изилдөө талап кылынууда. Ошол себептен изденүүчүнүн жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда кытайлык студенттерди санариптик окутуу аркылуу тилдик компетенттүүлүгүн жогорулатуу маселеси илимий ишинин актуалдуулугун жараткан.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

- Кытай Эл Республикасынан келген студенттерди кыргыз тилин чет тили катары окутуудагы коммуникативдик компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдар, санариптик технологиялар аркылуу өнүктүрүүнүн жолдорун иштеп чыгуу;
- интерактивдүү усулдарды, санариптик технологияларды пайдаланып окутуу менен кытайлык студенттердин өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүгүн калыптандырып, өнүктүрүүгө багытталган эң ыңгайлуу ыкмалар сунушталды;

- чет өлкөлүк студенттерди окутууда компетенттүүлүк түшүнүгүнүн мазмуну теориялык жактан талданып, алардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталды;

- ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутуу процессинде санариптик технологияларды, интерактивдүү усулдарды колдонуунун үлгүлөрү көрсөтүлдү;

- ЖОЖдордо чет өлкөлүк студенттер ээ болуучу негизги тилдик компетенттүүлүктөр аныкталып, аны санариптик технологиялар, интерактивдүү усулдар аркылуу өнүктүрүүнүн жолдору, аларды ишке ашыруунун ыкмалары иштелип чыкты;

- ЖОЖдордо чет өлкөлүк студенттердин тилдик компетенцияларын калыптандырууга негизделген жоболордун, ыкмалардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** жогорку окуу жайларында чет өлкөлүк студенттерди окутууда интерактивдүү усулдарды пайдаланып, анын негизинде студенттердин тилдик, коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн технологиясы жана аны ишке ашыруунун методикасы иштелип чыккандыгында. Чет өлкөлүк студенттерге, анын ичинде кытайлык студенттерге кыргыз тилин чет тили катары окутууда пайдаланыла турган интерактивдүү усулдардын топтому менен окуу-методикалык куралынын жарыкка чыгышы, жайылтылышы менен мүнөздөлөт. Изилдөөнүн материалдарын ЖОЖдордун окутуучулары жана мектептин мугалимдери, окутуучулар жана илим изилдөөчүлөр пайдаланса болот.

**Диссертацияда чыгарылган ар бири илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби Кытай Эл Республикасынан келген студенттерди кыргыз тилин чет тили катары окутуудагы тилдик компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдар, санариптик технологиялар аркылуу өнүктүрүүнүн жолдорун иштеп чыгарылган
ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик компетенцияларын ийгиликтүү калыптанышына өбөлгө түзүүчү моделди ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды жана эксперименталдык жактан текшерилди, өркүндөтүүнүн мааниси, максаты, азыркы абалы иликтенген;

**2-жыйынтык** жаңы, себеби кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү усулдарды, санариптик технологияларды пайдаланып окутуу менен кытайлык студенттердин өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүгүн калыптандырып, өнүктүрүүгө багытталган эң ыңгайлуу ыкмалар сунушталган;

**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу жана негиздөө боюнча, жана аны натыйжалуу ишке ашырууну аныктоо боюнча илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу иш тажрыйбалары иликтенген.

**4-жыйынтык** жаңы, себеби ЖОЖдордо чет өлкөлүк студенттер ээ болуучу негизги тилдик компетенттүүлүктөр аныкталып, аны санариптик технологиялар, интерактивдүү усулдар аркылуу өнүктүрүүнүн жолдору, аларды ишке ашыруунун ыкмалары иштелип чыккан. Чет өлкөлүк студенттердин сүйлөө кебин өстүрүүдө ар түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүү, маектешүү процессинде, тилдик, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө окутуучуларга, зарыл болгон педагогикалык-дидактикалык, тилдик, коммуникативдик методологиялык негиздери иликтенген.

**5-жыйынтык** жаңы, себеби чет өлкөлүк студенттерди окутууда компетенттүүлүк түшүнүгүнүн мазмуну теориялык жактан талданып, алардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталды; кыргыз тилин чет тили катары окутууда коммуникативдик компетенциялардын ийгиликтүү калыптанышына өбөлгө түзүүчү моделди ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды жана эксперименталдык жактан текшерилди, студенттердин кыргызча кебин калыптандыруу, өстүрүү процессинде алардын кептик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну мындан ары өркүндөтүү боюнча сунуштар берилген.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, негизги сунуштар жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу аркылуу коммуникативдик комптенцияларын өстүрүүгө, окутуунун жаңы концепциясын иштеп чыгууга, окуу программалары менен жаңы муундун окуу китептеринин түзүүгө жана коммуникативдик компетенцияны калыптандырууга басым жасап окутууда колдонулуучу ыкмаларды, материалдарды, практикалык сунуштарды бере алгандыгы менен аныкталат.

Иштелип чыккан илимий – методикалык материалдар жогорку окуу жайларынын окутуучуларына чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин чет тили катары окутууда колдонуунун дидактикалык шарттары көрсөтүлгөн. Аталган эмгек чет өлкөлүк студенттердин билимин текшерүүдө, татаал процесстерди моделдөөдө. эксперименттерди жүргүзүүдө жана кийинки изилдөөчүлөргө база болуп берет.

Жогорку окуу жайларында Кытай Эл Республикасынан келген студенттерди кыргыз тилин чет тили катары окутуудагы тилдик

компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдар, санариптик технологиялар аркылуу өнүктүрүүнүн жолдорун иштеп чыгуу;

Кыргыз тилин чет тили катары чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу, өстүрүү, өркүндөтүү боюнча сунуштар окутуучулардын ишмердүүлүгүнө жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

Диссертациялык иштин материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:

• УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
• Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
• Сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
• Педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

Мамырбаева Нестан Бердибековнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:

**Биринчи натыйжа:** Жогорку окуу жайлардын Кытай Эл Республикасынан келген студенттерди кыргыз тилин чет тили катары окутуудагы тилдик компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдар, санариптик технологиялар аркылуу өнүктүрүүнүн жолдорун иштеп чыгуу кыргызча сүйлөө кебин өстүрүүдө алардын коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун максаты, милдеттери, негизги багыттары аныкталган;

**Экинчи натыйжа:** «Компетенция», «компетенттүүлүк», «тилдик компетенция», «коммуникативдик компетенциялар» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүлгөн, чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик негизде калыптандырууда, алардын коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы, методологиялык негиздери, методдору көрсөтүлгөн;

**Үчүнчү натыйжа:** Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик компетенциянын мааниси, тилдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн интерактивдүү ыкмалары жана жолдору сунуш кылынган, бул багыттар боюнча окутуучулардын, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбалары жыйынтыкталган;

**Төртүнчү натыйжа:** Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыгы чагылдырылган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**

1. **Мамырбаева, Н. Б.** ЖОЖдордо чет өлкөдөн келген студенттерге тил үйрөтүүдө коммуникативдик компетенцияны түптөө жана түзүү. [Текст] / Н.Б. Мамырбаева // Объединение юридических лиц в форме ассоциации «общенациональное движение «Бобек» конгресс ученых Казахстана “Global science and innovations 2020: central asia” № 4(9). «Педагогические науки» г. Нур-Султан – 2020.
2. **Мамырбаева, Н. Б**. Студенттин текстти түшүнүүдө ойлоо – кабылдоо процессин өнүктүрүү./ [Текст] Н.Б. Мамырбаева// БМУ Жарчысы №2-3 (52-53) Бишкек- 2020. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44649653
3. **Мамырбаева, Н. Б.** "Коммуникативдик компетенция" түшүнүгү жана анын илимий чөйрөдө калыптанышы. /[Текст] Н.Б. Мамырбаева // И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин жарчысы. № 4 (56) Бишкек - 2020. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45705398
4. **Мамырбаева, Н. Б.** Кыргыз тилин чет тил катары окутуу- билим берүү саясатындагы артыкчылыктуу багыттардын бири. / [Текст] Н. Б. Мамырбаева // Международная научно-практическая конференция, посвященная 70-летию профессора С.Момуналиева ОшГу “Ош жарчысы” Ош -2021. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47956238
5. **Мамырбаева, Н. Б.** Кыргыз тилин чет өлкөлүк студенттерге коммуникативдик ыкманын негизинде үйрөтүү. [Текст] Н. Б. Мамырбаева // Международная ассоциация “Физиология без границ” Международный круглый стол на тему “Физиология без границ: актуальные вопросы физиологии, медицины, психологии и педагогики”, посвященного 30-летию Независимости Республики Казакстан г. . Нур-Султан – 2021https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47937779
   (кытай студенттеринин тил үйрөнүүдөгү баштапкы этабында). [Текст] Н. Б. Мамырбаева // “Alatoo academic studies” жарчысы. № 4 Бишкек 2020.
6. **Мамырбаева, Н. Б.** Формирование коммуникативной компетенции студентов при обучении кыргызскому языку как иностранному. [Текст] Н. Б. Мамырбаева // “ Бюллетень науки и практики” в №5 (май) 2022 г. РФ https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48616047
7. **Мамырбаева, Н. Б.** Кыргыз тили чет тил катары окутуунун өзгөчөлүгү https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50277613

**8. Мамырбаева, Н. Б.** Кыргыз тили чет тили катары окутууда чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик компетенциясын калыптандыруу. [Текст] Н. Б. Мамырбаева // К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик

университетинин жарчысы № 53 Каракол ш.-2022. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=60001084

**9. Мамырбаева, Н. Б.** Чет өлкөдөн келген студенттерге тил үйрөтүүдө коммуникативдик компетенцияны түптөө жана түзүү. [Текст] Н. Б. Мамырбаева // И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институту. "Наука сегодня: теория, практика, инновация" аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференция. Б.-2022.

**10. Мамырбаева, Н. Б. "**Тилдик компетенция» түшүнүгүнүн маанисинин лингвистикада жана кыргыз тилин чет тили катары окутуудагы өнүгүшү. [Текст]' Н. Б. Мамырбаева // Түрк элдеринин тили, адабияты жана педагогикалык билим берүүнүн теориялык жана методологиялык маселелери" К.Карасаев ат. БМУнун профессору, ф.и.д., С.Искендерованын 50 жылдык илимий-практикалык ишмердүүлүгүнө жана 70 жылдык маарекесине арналган Эл аралык илимий-практикалык конференциясы. БМУнун жарчысы №2 (64) 2023. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=56973771

**11. Мамырбаева, Н. Б.** Жождун студенттеринин кыргыз тилин чет тил катары окутууда коммуниктивдик компетенциясын калыптандыруунун каражаты катары сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу. [Текст] Н. Б. Мамырбаева //Русский язык билингвальном пространстве Кыргызстана и Центральной Азии: опыт, поиски, решения» Сборник статей Международной научно-практической конференции Кыргызско-Российский Славянский университет им. Б. Ельцина Институт русского языка им. А.О. Орусбаева. Б.-2023.

**12. Мамырбаева, Н. Б** Методы изучения кыргызского языка как иностранного языка интерактивными методами. [Текст] Н. Б. Мамырбаева // " Бюллетень науки и практики" в №2 (май) 2024 г. РФ https://www.elibrary.ru/item.asp?id=60775160

**Автореферáттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр:**

1.Изилдөө ишинин темасы «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында)» деп аталат. Негизинен темага да басым жасалыш керек. Иште көбүнчө чет өлкөлүк студентререге деп берилген. Кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрүнө басым коюлушу керек.

2. Изилдөө ишинин айрым жерлеринде сүйлөмдөр туура түзүлбөй калган учурлары кезигет.
Диссертациялык иште, авторефератта бир аз техникалык каталарга жол берилген. Оңдоо керек.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерди оңдосо болот. Айтылган сунуштар, сын-пикирлер изилдөө ишинин сапаттык жактан көтөрүлүшүнө карата айтылды. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун методикасына арналган, жакшы жазылган, толук иштелип чыккан эмгек деп эсептейм.

Диссертациялык иш, анын автореферат менен толук таанышып, окуп чыккандан кийин эксперт катары төмөнкүдөй бүтүмгө келдик:

Н. Б. Мамырбаеванын «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында)» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча мындай иштерге коюлуучу талаптарга жооп берет.

Иш актуалдуу темага арналып, өз алдынча иштелип, толук бүткөн эмгек катары коргоого сунуш кылынат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасын жана педагогика, психология жана окутуунун технологиясы кафедрасын (715600, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57) дайындоону сунуш кылат, анда 13.00.02 адистиги боюнча боюнча илимдин докторлору, кандидаттары ж.б. адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:**

**Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин доктору, профессор К. Д. Добаевди сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1. **Добаев, К.Д.** Теоретические основы обучения лексике кыргызского языка в русскоязычной начальной школе [Текст]: дис., д-ра пед. наук 13.00. 02. / К.Д.Добаев. – Б., 1999. – 33 б.
2. **Добаев, К.Д.** Кыргыз тилин өзгөчө тил катары окутуу методикасынын айрым маселелери [Текст] / К.Д.Добаев, Т.А.Асанакунов. – Б., 2006. - 83 б.

3. **Добаев К.Д**. Окутуу технологиясындагы мультимаданий компетенциянын ролу жана мааниси // Эл агартуу. – 2023. - № 1-2. – 15-21-бб.
4. **Добаев К.Д**. Кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2022. - № 2. – 41-49-бб.
5. **Добаев К.Д**. Значение слова с национально-культурным компонентом на уроках кыргызского языка в русскоязычной начальной школе // Сборник материалов Международного научного конгресса "Русский язык в глобальном научном и образовательном пространстве". – 6-10 декабря 2021. – С. 444-447.
6. **Добаев К.Д**. Необходимо изменить траекторию школьного образования//Кут билим - 21 октября 2005 г.

**Экинчи расмий оппонет** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жороев Ташболот Абдыхайымовичти сунуштайт (13. 00. 02).

Анын эмгектери:

1. Кыргыз тилин чет элдиктерге үйрөтүүнүн айрым маселелери //Мамлекеттик тилди изилдениши жана окутулушу. Республикалар аралыкилимий-практикалык конференция, Ош, 1994.1,6 б.

2. Тууранды сөздөрдү окутууда дидактикалык оюндарды жана окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу // материалы международной научно-практической конференции " Личность и воспитание: Роль образовательных технологий в современной школе" Ош, 2001 8 б.

3. Кызыктуу кыргыз тили. Ребустар жыйнагы БасмаОш, 2000 6.25

4. Сынчыл ойлоону өстүрүү программасынын негизинде кыргыз тили сабагында текст түздүрүү БасмаТруды международной научной конференции. Ош, 2001. 5 б.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ж.Баласагын атындагы улуттук университетине караштуу Д. 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчү Мамырбаева Нестан Бердибековнанын «Жогорку окуу

жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында)» деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Добаев К. Д**

Кол тамгасын тастыктайм
Илим бөлүмүнүн башчысы А. Асанова
14.01.2025г.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673
21.01.2025г
Уч. секр. Омурбаева Д.К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ